Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу түзүлгөн Д 10.20.616 диссертациялык кеңешинин эксперти филология илимдеринин доктору, доцент Эгембердиева Аида Абдыжапаровнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 – фольклористика адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Сагындык кызы Жанардын «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери»** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Сагындык кызы Жанар тарабынан жазылган «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сагындык кызы Жанардын “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери” деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д10.20.616 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Иште кыргыз маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири акын Алымкул Үсөнбаевдин жалпы чыгармачылыгы боюнча кеңири изилдөө жүргүзүлүп, ал 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09-фольклористика адистиктеринин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** изденүүчүнүн белгилөөсүндө “Алымкул Үсөнбаевдин өмүр жолун, чыгармачылыгын калыптандырган конкреттүү тарыхый, коомдук жагдайларды эске алуу менен акындын инсандык, чыгармачылык портретин түзүү; акындар чыгармачылыгында канча кылымдардан бери сакталып келген салттуулуктун Алымкул акындын чыгармачылыгында улантылышын жана ошондой эле көпчүлүк ырчылардан бөтөнчөлөнгөн жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн белгилөө; бүгүнкү күнгө чейин жарык көргөн чыгармаларына идеялык-тематикалык талдоо жүргүзүү менен анын ырчылык, төкмөлүк айтуучулук, күүчүлүк, обончулук – ар өнөрдүн башын бириктирген чыгармачылык синкреттүүлүк сапатын белгилөө; элдик жомокторду кайрадан иштеп чыгуудагы өздүк кошумчаларын, жаңычылдыгын белгилөө; кенже эposторду айтуудагы А.Үсөнбаевдин ийгилик, кемчиликтерин белгилөө, өздүк варианттын

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 185/06
« 3 » 03 2022 г.

сюжеттик-композициялык, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн ачуу; акындын чыгармачылыгындагы доордун таасирин, адабий мурастарынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, эстетикалык кунарын талдоо сыяктуу маселелер алынган.

Ал өзүнүн диссертациясында алдыга коюлган максат **төмөндөгү милдеттерди** ишке ашыруу менен чечилээрин көрсөтөт:

- А.Үсөнбаевдин өмүр жолу жана чыгармачылыгынын изилдениш абалына обзор берүү;
- А.Үсөнбаевдин чыгармаларын жалпы акындар чыгармачылыгынын контекстинде талдоого алып, өнөрдө калыптанган салттуулуктун уланмалуулугун, башка акындардан айырмаланган жекечелик өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;
- Кенже эпосторду айтуудагы өздүк варианттарын илимий анализге алуу жана жөө жомокторду трансформациялоодогу ийгиликтерин көрсөтүү;
- Акындын чыгармаларындагы доордун көркөм сүрөттөлүшүн белгилөө;
- Чыгармаларынын идеялык багытын, тематикалык, жанрдык өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
- Акындын айтыш өнөрүндөгү бөтөнчөлүктөрүн ачуу;
- Акындын чыгармаларынын поэтикалык өзгөчөлүгүн ачып берүү;
- Учурдун талабына жараша буга чейинки айтылган пикирлерге карата ой жаратуу.

Диссертациянын **изилдөө объектисин** А.Үсөнбаевдин жарык көргөн жыйнактары, акындын вариантындагы кенже эпостор, жомоктор жана акындын чыгармачылыгы боюнча изилденген эмгектер түзөт.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с) ылайык мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

1. Изилденип жаткан проблема боюнча илимдеги мурдатан түптөлгөн илимий-теориялык, методологиялык өбөлгөлөр изилденген, тиешелүү булактарга сереп жасалган. Диссертант бул милдетти жакшы деңгээлде ишке ашырган. Ал А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын изилденүү абалына кеңири токтолгон;

2. Тема боюнча буга чейин айтылган ойлорго таянуу менен өзүнүн байкоолорун кошумчалаган;

3. Изденүүчү диссертациянын материалдары жана ага тиешелүү илимий-теориялык эмгектер менен терең таанышкандыгы көрүнүп турат;

4. Изденүүчү чыгарган жыйынтыктар бир топ ынанымдуу. Кыргыз адабият таануу илиминдеги калыптанган концепцияларга өзүнүн жекече кошумчасын киргизүүгө аракеттенген.

Диссертант коюлган милдеттерине ылайык тиешелүү факт, материалдар менен таанышкан, адабий-теориялык эмгектер менен иштеп, тиешелүү изилдөө методдорун тандап, ишти жазууда фольклортаануу, акындар чыгармачылыгы, адабияттаануу илиминдеги буга чейинки кеңири колдонулуп келген тарыхый-обзордук, салыштырма-типологиялык, адабий-теориялык, сюжеттик, поэтикалык талдоо методдорун пайдаланган.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Албетте, диссертацияда жаңылык бар. Иштин жаңычылдыгы акындар поэзиясынын ири өкүлдөрүнүн бири А.Үсөнбаевдин өмүрү, чыгармачылык жолу комплекстүү түрдө биринчи жолу талдоого алынып жаткандыгында. Диссертациялык иш киришүүдөн, ар бири өз ичинде бир нече параграфтарды камтыган үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Киришүүдө иштин актуалдуулугу, максат-милдеттери, жаңычылдыгы, практикалык мааниси жөнүндө сөз болот.

**1.** Биринчи глава “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын салттуулугу, жаңычылдык белгилери” деп аталып, аталган акындын чыгармачылыгы дисстертанттын изилдөөлөрүнө чейин кандай сын-макалалардын обьектиси болгондугу каралган. Анын методологиялык негиздери аныкталган. Параграфтын аты эле айтып тургандай, акындын поэзиясындагы мурдатан келаткан салттуу белгилер менен жаңычылдык белгилер тиешелүү мисалдар менен ишенимдүү далилденген. Айрыкча айтыш өнөрүндөгү акындын өздүк чеберчилиги кылдат талдоого алынган. Өз кезегинде изденүүчү башка акындардын текстин мисалга тартып, аларды А.Үсөнбаевдин поэтикалык ойлору менен салыштырган.

**2.** “Фольклордук жанрлардын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында иштелиши” деп аталган экинчи бапта элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок, уламыштардын А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында кайрадан иштелишин “Жолборс минген киши”, “Эшектен жолборс”, “Көзөлшаа”, “Байкобул абышка”, “Жунусбай мерген” жомокторунун мисалында көрсөткөн. Дал ушундай аталышта болбосо дагы ушуга үндөш аталыштардагы жөө жомоктордун адабий жомок катары А.Үсөнбаевдин калеми аркылуу трансформацияланышын, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, натыйжаларын диссертант жакшы анализге алган.

Ал эми Алымкул Үсөнбаевдин вариантындагы “Кожожаш”, “Олжобай

менен Кишимжан”, “Сарынжи-Бөкөй”, “Кедейкан” эпосторунун сюжеттик өзгөчөлүктөрүн аталган эпостордун дагы башка варианттары менен салыштыруу аркылуу ишке ашырган. Мисалы, “Кожожаш” эпосунун С.Конокбаев менен Т.Жээнтаев айткан варианттары бар экендиги коомчулукка маалым. Иште ошол варианттар менен А.Үсөнбаевдин вариантынын ортосундагы окшоштук, айырмачылыктар иликтенип, чыгарманын өзөк окуясы кимисинде канчалык деңгээлде сакталгандыгы, өзгөргөндүгү айтылган жана анын себептери изделген. “...Мындан кийинки сюжеттик-композициялык курулушту А.Үсөнбаев логикалуу жыйынтыктап берген. Сулайман Конокбаевдин вариантында Кожожаш аскадан учуп өлгөндөн кийин алты айлык боюнда калды деп гана чыгарма аяктайт, ал эми Төлөмүш Жээнтаевдин вариантында Кожожаш жана Кермекаштын (Зулайка деген аялы болбойт, Кермекаш деген кудалашкан сүйгөнү болот) өлүмү менен чыгарма аягына чыгат. А.Үсөнбаев кульминациялык жыйынтыгын позитивдүү маанайда жакшы иштеп чыкканын баамдасак болот” (80-б.) деп варианттардагы урунттуу учурларды белгилейт. Акындардын изденүүсү алардын турмуштук тажрыйбасына байланыштуу болгондугуна басым жасайт.

Жогорудагы ойлорду айтуу менен, диссертант бардык эле учурда А.Үсөнбаевди мактай бергенден алыс. Айталы, “Кедейкан” эпосу аныкына салыштырмалуу К.Акиевдин вариантында мазмундуу экендигин, “А.Үсөнбаевдин вариантында окуя үзүлүп-үзүлүп берилгендиктен, элге таандык негизги данегин бөлүп алуу да кыйынчылыкка тураарын” калыс билдирет. А.Үсөнбаевдин кенже эпосторду өз кезегинде Т.Сатылгановдон үйрөнгөнүн, аны менен катар эле Токтогулдун бир топ шакирттери аткарган эпостор алардыкы сыяктуу элге тартууланып калаарын, Токтогулдан үйрөнүлгөн чыгарманын башында биринчи – Токтогул, экинчи болуп, кийинки акындардын ысымы турушу керектиги жөнүндөгү Омор Сооруновдун пикирине басым жасап, изденүүчү авторлук жөнүндөгү маселени дагы көтөрөт.

Ар бир параграфтын, ар бир баптын аягында корутундулар тыкан берилген.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификатторынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:** Изилдөөчү сегиз пунктан турган милдеттерди адабият таануунун салыштырма-тарыхый методун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп далилдүү жыйынтык чыгарууга аракет кылды.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Алымкул Үсөнбаев бир эле учурда ырды жамгырдай сабалаткан төкмө, элдик жомокторду жаңыча формада жараткан жомокчу, бир катар элдик эпосторду айтып, өз вариантын жараткан айтуучу жана жаратуучу, шаңкылдаган добушу менен элдик ырларды ырдаган ырчы, күүчү, өзүнөн кийинки шакирттерди тарбиялап өстүргөн мыкты устат болгондугу ар өнөрдөн куралган бул синкреттүүлүк акындын чыгармачылыгынын адабияттаануу илиминде атайын изилденишин шарттайт.

**3. Илимий натыйжалар**

**3.1.** Диссертант иште А.Үсөнбаевдин жалпы чыгармачылыгына кеңири токтолуп, аларга комплекстүү баа берип, системалуу кароого аракеттенет.

**3.2.** Акындын төкмөчүлук өнөрдөгү чыгармаларын, айтыштарын, адабий жомок катары иштеп чыккан чыгармаларын, аткарган жана жараткан эпосторун иликтөөгө алат.

**3.3.** Акындын чыгармачылыгын өзүнө чейинки жана өзүнөн кийинки, өзүнө замандаш акындардын чыгармачылыгы менен салыштырып баалайт.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

Иштин практикалык баалуулугу бар. Изденүүчү изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын акындар поэзиясын, анын ичинде А.Үсөнбаевдин жеке чыгармачылыгын үйрөнүүдө, жогорку окуу жайлардын, орто мектептердин окуучуларына сабак өтүүдө, окуу куралдарды, илимий-методикалык эмгектерди жазууда, атайын курстарды өтүүдө, дипломдук, курстук иштерди жаздырууда колдонууга болорун белгилейт.

**Диссертациянын мазмуну изденүүчүнүн төмөнкү макалаларынан орун алган:**

1. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Тил, адабият жана искусство маселелери. Атайын чыгарылыш, Бишкек, – 2018. – 144-148-б.
2. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуу темалар [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Известия ВУЗов Кыргызстана. - №1 Бишкек, – 2018. – 166-170-б.
3. Сагындык кызы Ж. Акындык өнөрдөгү салттуулуктар жана акындын чыгармачылыгынын калыптанышы [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №4 Бишкек, – 2018. – 93-102-б.
4. Сагындык кызы Ж. Алымкул Үсөнбаевдин алгачкы айтыштары [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES. - №3 Бишкек, – 2020. – 232-238-б.

5. Сагындык кызы Ж. А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №4 Бишкек, – 2020. – 262-269-б

6. Сагындык кызы Ж. А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жана советтик идеология [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 Бишкек, – 2020. – 239-243-б.

7. Сагындык кызы Ж. Акын А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын жарыкка чыгышы жана изилдениш тарыхы [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 Бишкек, – 2020. – 256-260-б.

8. Сагындык кызы Ж. "Кедейкан" эпосу Алымкул Үсөнбаевдин в ариантында [Текст] / Ж.Сагындык кызы // Бишкек мамлекеттик университетинин Жарчысы №2-3 (56-57) Бишкек, – 2021. – 178-180-б.

9. Сагындык кызы Ж. "Олжобай менен Кишимжан" Алымкул Үсөнбаевдин вариантында[Текст] / Ж.Сагындык кызы // Бишкек мамлекеттик университетинин Жарчысы №2-3 (56-57) Бишкек, – 2021.– 180-183-б.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Сагындык кызы Жанардын «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» деген илимий ишинин автореферату диссертациянын мазмунуна дал келет. Теориялык-методологиялык жактан россиялык жана ата мекендик илимпоздордун маанилүү эмгектерине таянат. Натыйжада бир тутумга бириккен жоболорду коргоого коюп, дал эле ошондой логикалык ырааттуулуктагы корутундуларга келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:** Жогорудагыдай ийгиликтери менен бирге айрым мүчүлүштүктөр кездешет:

**1.** Акын аткарган жана жараткан кенже эпостордун башка акындардын варианттары менен болгон айырмачылык, өзгөчөлүктөрү тууралуу айрым ойлор "Эл адабияты" сериясы менен чыккан китептердин баш сөзүндө башка авторлор тарабынан айтылган учурлар бар. Диссертант калыстык үчүн алардын авторун так көрсөтүп кеткени максатка ылайык келмек;

**2.** Иште айрым стилистикалык жана грамматикалык каталар учурайт, алар кылдат каралып чыгышы керек.

**7. Сунуштар:** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01-кыргыз адабияты, 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча илимий адистери бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик

тил жана маданият институтунун Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасын сунуш кылынат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: "Манас" эпосундагы тулпардын көркөм образы жана сыпаттоо ыкмалары (Поэтика). – Бишкек: Шам, 1995. – 125 б.; "Манас" эпосундагы тулпардын көркөм образы /толукталган басма окуу китеп/. – Бишкек: Сорос-Кыргызстан, 1996. – 115 б.; "Манас", "Семетей", "Сейтек" /Шаабай Азизовдун варианты боюнча/. – Бишкек: 2014. 425; 625; 189 б.; Манастаануу курстук лекциялар. – Бишкек: Кут Бер, 2014. – 228 б.; Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу: филол. илим. д-ру ... дис. / – Бишкек, 2014. – 309 б.; "Манас" кыргыз элинин баатырдык эпосу (тезис). – Бишкек: Принт Экспресс, 2017. – 118 б.; "Семетей" кыргыз элинин баатырдык эпосу (тезис). – Бишкек: Принт Экспресс, 2019. – 135 б.; филология илимдеринин доктору **Орозобекова Жылдыз Калмашевнаны** (автореферат боюнча шифры 10.01.09) сунуш кылат.

**Экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: Кыргыз казалы жана чыгыш газели [Текст] / Казакова Н. // Кыргыз тили жана адабияты журналы, №18, – Бишкек, 2011, – 262-269-б.; Молдо Багыштын чыгармачылыгы [Текст] / Казакова Н. // Кыргыз тили жана адабияты журналы, №19, – Бишкек, 2011, – 116-119-б.; Тоголок Молдонун "Жер жана анын балдары" чыгармасы жана чыгыш Муназареси [Текст] / Казакова Н. // Кыргыз тили жана адабияты журналы, №19, – Бишкек, 2012, – 116-119-б.; Жазгыч акындардын чыгармачылыгы: Нур Молдо [Текст] / Ж.Сагындык кызы // ALATOO ACADEMIC STADIES №2 Бишкек, – 2016. – 98-103-б.; филология илимдеринин кандидаты **Казакова Нурзат** сунуш кылынат.

**8. Сунуштамалар:** жок

**9. Корутунду.** Сагындык кызы Жанардын диссертациялык иши илимдин ушул багытыны өнүгүшүнө жеке салымын кошо ала турган эмгек деп баалоого болот. Проблема тарыхый-обзордук, салыштырма-типологиялык, адабий-теориялык, сюжеттик-композициялык, поэтикалык жактан талданып иштелип, коюлган максат, милдеттер аткарылган.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешине

**Сагындык кызы Жанардын** 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 – фольклористика адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери”** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору,**
**доцент** **А.А.Эгембердиева**

**14.02.2022.**

*Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктайм*

**Д 10.20.616 Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Н. Т. Ыйсаева**